# Жыргал күндөр

Сөзү: Канатбек уулу Акжол
Обону: Эркинбек уулу Адилет

Эгер сен өмүрдү сүйсөң,
Токтобо жалындап күйсөң.
Жаштыктын кадырын билсең,
Кайгырба, жадырап жүр сен.
Кайырма:
Жыргал күндөргө умтул,
Жылдыздай жарык чачып, жаркырап.
Жүрөккө сүйүү толтур,
Жүгүрүп сен бакыттын артынан.
Тартынбай, эрктүү бол демек,
Махабат дайыма керек.
Жаштыктын кусалуу күнүн
Талпынып сүйгөндөр жеңет.
Кайырма:
Ар бир адамдын дүйнөдө
Өзүнүн бар өткөн жомогу.
Жүрөктөр чындап сүйгөндө
Аалам ошондо керемет болобу?
Кайырма: